**Бишкек шаарынын Ленин районундагы № 97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2023-окуу жылынын сентябрь айындагы тарбия иштеринин иш планынын аткарылышы боюнча маалымдама**

**30.09.2022-ж**

- Мектеп администрациясы жана мугалимдердин нөөмөт графиги түзүлүп жана бекитилди.
- 2022-2023-окуу жылынын 1-сентябрында мектептин ачылыш аземи болуп өттү.Салтанаттуу линейкага Кыргыз Республиканын мамлекеттик катчысы С.С.Касмамбетов, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин биринчи орун басары Б.С.Орозов , Ленин районунун билим берүү борборунун директору Т. Э. Темирканова жана Сауд Аравия королдугунун элчиси Ибрахим Бин Ради аль Ради, Сауд өнүктүрүү фондунун генералдык директору Султан А.Альмаршад баштаган коноктор келишти. Мектептин ачылыш аземине 600дөн ашык окуучулар ата-энелер жана мугалимдер жамааты катышты.Салтанаттуу линейка бүткөн соң , класстарга класс жетекчилер Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнө 31 жылдыгына карата класстык сааттар өтүлдү. 1-а классынын класс жетекчиси Дүйшекеева Гулнур, 1-б классынын класс жетекчиси Эсенаманова Нурзада , 1-в классынын класс жетекчиси Үсөнбай кызы Жазира 2-а классынын класс жетекчиси Алтынбек кызы Таттыбү "Биз Кыргызстандын келечегибиз "темасынын алкагында ,ал эми 9-а классын класс жетекчиси Сыдыкпаева М.Б. "Эл биримдиги көп түрдүүлүктө " деген темада ачык класстык сааттарды өткөрүштү.
- Жол транспорт кырсыктарын алдын алуу максатта мектепке бекитилген ИИББ боюнча МККББнын 4 ротасынын 2-взводунун командири Милициянын улук лейтанаты С.А.Кожомуратов 5-сентябрда жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча 1-6-класстарга ошондой эле 26-сентябрда 7- 11 класстарга инструктаж өттү.
- 9-сентябрь комуз күнүнө карата "Кылым карыткан комуз күүлөрү" аталышындагы класстык сааттар жана салтанаттуу линейка өткөрүлүп , мектептин радио түйүнүнөн танапис убагында комуз күүлөрү берилип турду.
- Сентябрь айынан баштап , ар бир класс ата -энелер чогулушун өткөрүшүп ата-энелер комитетинин төрайым /төрагалары мүчөлөрүн шайлашты. Ал эми мектептин жалпы ата энелер комитеттеринин мүчөлөрүнүн чогулушун 5-сентябрда өткөрүлүп , анда мектептин жалпы ата-энелер комитетинн төрайымы жана анын мүчөлөрү шайланды.
- 12-сентябрда жашы жете элек өспүрүмдөрдүн арасында кылмыштуулук жана укук бузууну алдын алуу боюнча БИИнин инспектору Б.Э. Конокбаева 9- 10-11-класстарга жыйын өткөрүлдү.
- 14-сентябрда "Зордук зомбулукка каршыбыз"темасында БИИнин инспектору Б. Э. Конокбаева 7- 8- 9-10- 11- класстарга лекция өттү.
- "Уюткулуу элдин улуу кыргыз тили" (мамлекеттик тил күнүнө карата) иш чара өтүлүп , анда " Кыргыз тили кылымдарды карыткан эч ким аны унутулбайт тарыхтан "темасында 10-б класстын класс жетекчиси Бактыбек кызы Чынаркүл ", "Эне тилин болбосо , атты аталбайт улуттун" , аталышта 4-а класстын класс

жетекчиси Манапаева Айнура , "Улуттун улуулугу анын тилинде" темасынын негизинде 4-б классынын класс жетекчиси Жылдызбек кызы Зульфия ачык тарбия саатарын өтүштү андан сырткары дубал газета чыгарылып, эссе жазышты, ошондой эле кыргыз тилин даңазалаган ырларды көркөм окушту.

- 19-сентябрда мектепте Баткенде Таджик Кыргыз чек арасында кагылышууда курман болгон жарандарыбызды эскерип аза күтүү линейкасы болду.Ошондой эле окуучулардын ,мугалимдердин демилгеси менен гуманитардык жардам чогултулуп , атайын штабка жеткирип беришти.
- Ар бир үйдө тынчтык уяласын аталышында сүрөт көргөзмөсү уюштурулуп , Мекеним Баткенден башталат ,Мекенибизде тынчтык болсун! ж.б. патриоттук темасында класстык саатар өтүлдү.
- Окуучулардын социалдык абалы такталды.
- 26-сентябрь кутурма оорусуна каршы күрөшүү күнүнө карата мектептин мед айымы 8-класстарга лекция өттү.

**Тарбия иши боюнча директордун орун басары ______ А.А.Таңырыкова .**

**Бишкек шаарынын Ленин районундагы № 97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2023-окуу жылынын октябрь айындагы тарбия иштеринин иш планынын аткарылышы боюнча маалымдама**

**31.10.2023-ж**

- 1-октябрь карылар күнүнө карата "Карысы бардын ырысы бар"деген темада класстарда класстык сааттарды өтүштү . Ошондой эле 7-б, 8-а, 8-б, 8-в класстын окуучулары класс жетекчилери жана мектеп админстрация менен бирдикте азык түлүк, кийим кече , ар кандай белектерди алып карылар үйүнө куттуктап барышты.
- 5-октябрь мугалимдер күнүнө карата 11-класстар жана парламенттин лидерлери "Мугалим мөмөлүү дарак " аттуу кече уюштурушту.Ошону менен бирге 10- а класс мугалимдерди видео слайд аркылуу куттукташты . Ар бир класс "Мугалим акылдын кенчи " темасынын негизинде дубал газеталарды чыгарып , класстык сааттарды өтүштү.
- 11-октябрь кыздар күнүнө карата" Кыз адеби кымбат" темасында тегерек стол өткөрүлдү. Тегерек столго 8-9-10-11-класстын кыздары жана класс жетекчилер Биинин инспектору Б. Э. Коңурбаева, Соцпедагог Н. Э. Мамбетова катышты.
- 15-октябрь Таза кол күнүнө карата ЮНИСЕВдин координаторлору 1- 4-класстарга презентация жасашты.
- Чолпонбай Түлөбердиевдин 100 жылдыгына карата сүрөт конкурсу өткөрүлүп, Чолпонбайдын эрдиктерин даңазалаган класстык саатар өтулду. 17-октябрда 7-б класс , класс жетекчиси Майрамбек кызы Кундуз 20-октябрда 6-б класс класс жетекчиси Назарбек кызы Динара "Өлбөс өчпөс эрдик" аталышта ачык тарбиялык сааттарды өтүштү.
- 21-октябрда Терроризмди жана экстремизмди алдына-алуу боюнча диндердин өнүгүү тарыхы боюнча мугалим А. А. Таңырыкова лекция өттү . Ошондой эле жогорку класстын окуучуларына терроризмдин коомго тийгизген таасири боюнча документалдуу фильм көрсөтүлдү.
- 27-октябрда тартип тазалык кечигүүлөрдүн жыйынтыктары чыгарылып, жыйынтыктоочу линейка өткөрүлдү. Андан сырткары жума сайын кабинеттердин тазалыгы каралып турат
- 29-октябрда "Берекелүү күз айы " майрамында 6-а, 6-б -класстарынын арасында конкурс өткөрүлдү. Конкурста кузгү мода ,жер-жемиштерди ар түрдүү формада кесилген жасалгалоолор көрсөтүлдү . Жыйынтыгында 6-а класс жеңишке жетишти.

**Тарбия иши боюнча директордун орун басары ____________ А. А. Таңырыкова**

**Бишкек шаарынын Ленин районундагы № 97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2023-окуу жылынын ноябрь айындагы тарбия иштеринин иш планынын аткарылышы боюнча**

**маалымдама**

**30.11.2022-ж**

- 9-ноябрда мугалимдер арасында спорттук эстафета өттү. Бул спорттук мелдеште командага бөлүнүшүп волейбол да ойношту.
- 15-ноябрда эрте жетилүү жана эрте боюнда болууну алдына алуу боюнча врач Ч. А. Алканова 6-11-класстын кыздарына лекция өттү.
- Туура тамактануу жана жугуштуу ооруларды алдын алуу, наркомания токсикаманиянын зыяндуулугу боюнча класстык сааттар өтүлдү.
- Зордук зомбулук балдардын көзү менен аталышта сүрөт конкурсу өткөрүлдү. Ошондой эле Зомбулукту токтот, айткандан тайба республикалык конкурса видео ролик тартып 9-а класстын окуучулары катышышты.
- 16-ноябрда Рекетчилик жакшы жолго алып барбайт аталышта БИИнин инспектору Тайлаков Арнас лекция окуп түшүндүрүү иштерин жүргүздү.
- 20-ноябрь балдардын укуктарын коргоо күнү боюнча улуттук программаларды таанышутыруу максатында балдардын укуктары жана милдеттери темасынын алкагында класстык саатар өтүлдү.
- СПИДге каршы күрөшү күнүнө карата бир айлык иш чара боюнча 20-ноябрдан баштап 8-класстарга дубал газеталар сынагы жарыланып ,окуучулар сүрөт тартып , бурч уюштурушту .

**Тарбия боюнча директордун орун басары** **А.А.Таңырыкова**

**Бишкек шаарынын Ленин районундагы № 97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2023-окуу жылынын декабрь айындагы тарбия иштеринин иш планынын аткарылышы боюнча маалымдама**

30. 12. 2022-ж

- 1-декабрь бүткүл дүйнөлүк СПИДге каршы күрөшүү күнүнө карата класстык сааттар өтүлүп , дубал газеталар чыгарылып илинди .Андан тышкары 9-10-11-класстарга мектептин мед айым Бостонкулова Айгүл презентация жасады .
- Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды коргоо күнүнө арналган "Биз биргебиз" аталыштагы камкордук акциясына катышып , окуучулар азык түлүк , кийим кече, акча каражаттарын чогултуп , мүмкүнчүлүгү чектелген жана аз камсыз болгон үй бүлөөлөргө жардам беришти.
- 9-декабрда Биз дени сак , сергек жашоодо жашайбыз! аталыштын алкагында "Атам апам жана мен " спорттук мелдеш 5-а , 5-б , 5-в , 5-ж класстарынын арасында өткөрүлдү. Жыйынтыгында 5-ж класс биринчи орунга ,5-в класс экинчи орунда 5-а класс үчүнү орунга ээ болушту.Ата- энелерге ыраазычылык кат, ардак грамота, ошондой эле окуучуларга атайын даярдалып таттуулар салынган белектер берилди.
- ВПЧ эмдөөсүн жүргүзүү боюнча ата-энелерге чогулуш өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.
- 10-декабрда план боюнча "Зордук зомбулукту алдын алуу" боюнча тегерек стол 9- класстардын катышуусунда М. Б.Сыдыкпаеванын жетектөөсүндө өтөрүлмөк, бирок карантинге байланыштуу кийинки айга жылдырылды.
- Сасык тумоодон сактаналы , Тамеки өмүргө зыян , Уурулуктун арты -кылмыш темаларында класстык сааттар өтүлдү.
- 12-декабрда Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата окуучулардын кол эмгегинен жаралган чыгармалардын каармандарынын жана сүрөттөрүнүн көргөзмөлөрү уюштурулду. Ошондой эле окуучулар чыгармаларынан спектакль коюшту.
- Жаңы жылга карата мектептин фасадынын жасалгалоо , коолдоо боюнча конкурска катыштык. Ошону менен бирге башталгыч кластарга жаңы жылдык жомок коюлуп , жогорку класстарга жаңы жылдык карнавал уюштурулду.

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары А. А. Таңырыкова

Бишкек шаарынын Ленин районунун «№ 97 жалпы орто билим берүү мектеби» мекемеси • Кыргыз Республикасы • Учреждение «Средняя общеобразовательная школа № 97» Ленинского района города Бишкек • Кыргызская Республика • 01407202210192

**Бишкек шаарынын Ленин районундагы № 97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2023-окуу жылынын январь айындагы тарбия иштеринин иш планынын аткарылышы боюнча маалымдама**

31.01.2023

- 9-январда "Дени сак жашоо образы" темасынын алкагында мектептин методикалык бирикмелеринин арасында спорттук таймашы болуп өттү.
- Окуучулардын социалдык абалы такталды.
- 1Кутурма оорусун алдын алуу иш чарасынын негизинде класстык сааттар өтүлүп , жат жазуу алынды , 27-январда мектептин мед айымы А .А. Бостонкулова 5-8-класстарга лекция окуду . Дубал газеталар чыгарылып илинди .
- Спирт ичимдиктеринин жана тамеки чегүүнүн зыяндуулугу боюнча класстык саатар өтүлүп , дубал газеталар чыгарылды.Ошондой эле 5-а классынын окуучулары класс жетекчиси А.А.Козугулова тамекинин зыяндуулугу боюнча видео ролик тартып ачык класстык саат өттү.
- "Зордук зомбулукка каршыбыз" ! темасынын негизинде тегерек стол декабрь айында өтүлмөк , бирок карантинге байланыштуу январь айында өтүлдү . Тегерек столго БИИнин инспектору А. А. Тайлаков жана мед айым А. А Бостонкулова ошондой эле ата-энелер да катышышты . 9-класстын окуучулары видео ролик тартып , сценка даярдашкан. Зордук зомбулуктун ар кандай учурларын жана аларды алдын алуу боюнча ой пикирлер айтылып суроо жооп иретинде толукталды.
- 24-январда "Локаматив " спорт комплексине жылгаяк тебүүгө 25 окуучу барышып коньки тебип келишти.
- 25-январда Кыргыз жараны концепсиясы боюнча мугалимдерге метод завуч А .Б . Ашырбеков лекция окуду . Ошондой эле кыргыз жараны боюнча бурч уюштурулуп , дубал газеталар чыгарылып илинди.
- 5-10 класстарга Тамеки ,насвай , электрондук тамекинин зыяндуулугу боюнча класстык саатар өтүлдү .

Тарбия завуч________А. А. Таныркова